


**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# *5.Отчёт өзүн өзү баалоо*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

**2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база**

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **I. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтомунда көрсөтүлгөндөй Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде мамлекеттик билим берүү стандарты толук сакталган Владимир Ильич Ленин атындагы № 2 орто мектеби мекемесинде Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругу менен бекитилген базистик окуу планынын негизинде түзүлгөн окуу планы боюнча мектепте окутуу өзбек, орус тилдеринде жүргүзүлөт. Окуу планы билим берүү стандартына толук жооп берет.<br>(КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августындагы №1529/1буйругу менен бекитилген<br><br>Жумалык жүктөм (орус тилинде Окутулуучу класстар үчүн:<br>1-класста 21 саат<br>2-класста 23 саат<br>3-класста 23 саат<br>4-класста 23 саат<br>5-класста 27 саат<br>6-класста 29 саат<br>7-класста 30 саат<br>8-класста 30 саат<br>9-класста 30 саат<br>10-класста 30 саат<br><br>Жумалык жүктөм (өзбек тилинде окутулуучу класстар үчүн<br>1-класста 21саат<br>2-класста 23 саат<br>3-класста 23 саат<br>4-класста 23 саат<br>5-класста 28 саат<br>6-класста 29 саат<br>7-класста 30 саат<br>8-класста 30 саат<br>9-класста 30 саат<br>10-класста 30 саат | №1 тиркеме КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августындагы №1529/1буйругу менен бекитилген базистик окуу планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 11-класста 30 саат 11-класста 30 саат | |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Мектеп Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында пайдалануу үчүн сунуш кылынган окуу китептеринин тизмесин бекитүү жөнүндө2020-жылдын 1-сентябрындагы №699/1 буйругунун негизинде окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык иш алып барат | №2 тиркеме.Китептер жөнүндө маалымат . Д-10 отчету |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | Окуу-усулдук адабияттар менен толуктоо маселесинде да бир топ ийгиликтер бар. Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде 540 экземпляр усулдук китептер, 3058 адабий китептер бар. Мектепте макулатура топтолуп,аны сатып, андан түшкөн каражатка усулдук жана адабий китептер сатылып алынды ,ошондой эле мугалимдер дагы өздөрүнүн эсебинен усулдук адабияттар, дидактикалык материалдар сатылып алынып, усулдук адабияттардын фонду толукталууда. «Окуу керемет!» долбоорунун негизинде мугалимдер окуучулар менен иш чараларды өткөрүшүүдө жана | Китепканачынын маалыматы Китеп менен камсыз болуу мониторинги, китептердин саны ж.б |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | көптөгөн балдар үчүн жазылган адабий китептер менен китеп фонду толукталууда. Мугалимдер өздөрүнүн эсебинен тесттик жана жат жазуу боюнча атайын китептерди сатып алышууда. Усулдук адабияттарды, колдонмолорду жана техникалык каражаттарды колдонуу менен мектеп жамааты окуу-тарбия ишин жакшыртууга өз салымын кошууда.<br>Жаш мугалимдерге жардам иретинде мектепте ар түрдүү методикалык семинар-тренингдер өтүлүп турат.<br>Китепкананын фондун толтуруу максатында 2022-жылдын сентябрь айында «Бир адамдан бир китеп» аттуу марафон өткөрүлдү.<br>Китеп менен камсыз болуу мониторинги тиркемеде берилди. | |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде билим беруу программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында китепканада окуу китептери боюнча маалымат жүргүзүлөт.Жетишкен китептер менен бардык окуучулар камсыз болушат, ал эми жетишпеген китептерди эң оболу социалдык абалы аяр үй-бүлөлөрдүн балдарына бөлүштүрүлүп берилет жана дагы мотивация катары окуу-тарбия процессинде ийгиликке жетишкен окуучуларга берилет.Жетишпеген китептер ата-энелердин жардамы менен камсыз болот. | |
| **Күчтүү жактар:** | | 1.Мектептин окуу планы базистик окуу планга дал келет.<br>2.Мектеп фонду менен ата – энелер фонду кошуп эсептелгенде окуу китептери жетиштүү<br>3.Ата-энелердин жардамы менен китептер алып берилет<br>4. “Окуу керемет!” долбоорлору менен иш алып барылат .<br>5. “Келечек үчүн билим берүү” долборуү менен иш алып барылат.<br>6.Мектептин жылдык иш планы менен бирдикте 2020-2023-жылдарга карата өнүктүрү планы, окуучулардын билим сапатын ашыруу боюнча, “Мамлекеттик тил” мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын турмушка ашыруу боюнча иш пландар | |

<table>
<tr><td colspan="2"></td><td colspan="2">иштелип чыгылган.<br>7. Мектепте ата- энелердин комитети түзүлгөн;</td></tr>
<tr><td colspan="2">Алсыз жактар:</td><td colspan="2">1.Билим берүүнүн сапатын көтөрүү үчүн материалдык – техникалык базаларды чыңдоо маселеси<br>2.Окуучулардын санына карата компьютерлердин жетишсиздиги.<br>3.Музыкалык аспаптардын жетишсиздиги;</td></tr>
<tr><td colspan="4">2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО</td></tr>
<tr><td>2.1.</td><td>Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу</td><td>КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемеси билим беруу уюмунда ар бир сабактын өз компотенттүүлүгүнө байланыштуу социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон предметтин билим берүүдөгү максаттары ар бир сабакта, ар бир предметте жана ар бир аткарылган иш-чараларда аныкталып коюлат.Мисалы, ар бир сабакта 3 максат коюу билим берүү стандартынын талаптарына туура келет.<br>Ошол максаттарды аткаруу үчүн Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинин жалпы жамааты бул эрежелерди так сактайт.<br>Сабактын максаты:<br>1) Билим берүүчүлүк<br>2) Тарбия берүүчүлүк<br>3) Логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүчүлүк<br><br>Владимир Ильич Ленин атындагы №2 атындагы орто мектеби</td><td>Сабактардын план-конспектилери тиркелет</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мекемесинин мугалимдери сабактардын план конспектилерин жазууда сабактын максатын окуучулардын позициясынан аныкташат. Ошол себептен билим берүүдө жогорудагы багыттар камтылып, окуучулардын билим алуусуна, тарбия алуусуна жана логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү билим берүү стандарттарына шайкеш келет. Мугалимдер интерактивдүү доскадан жана диапроекторлорду пайдаланып сабак өтөт. | |
| 2.2. | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жакшы өздөштүрүшкөн.Инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу менен окуучулардын өз ара кызматташтыгы артты, бирин-бири угуп, сыйлоо сапаттары калыптанды, өздөрүнө ишеним артта баштады, окуучулардын эркин ой жүгүртүүсү пайда болду,жана активдүүлүктөрү артты, баарлашуу маданияты, интелектуалдык деңгээлдери жогорулады. Окуучулар кургак билимдин жыйындысы эмес, белгилүү компетенцияга ээ боло алышат. Мугалимдер ар бир сабакка даярданышып, окуучуларды тайпа-топторго,жуптарга бөлүшөт. Ошондой эле мугалимдер инновациялык технологияларды колдоно алышат. Буга пандемия мезгилиндеги онлайн сабактарды айтсак болот. Мугалимдердин 80% окуутуда маалыматтык- коммуникациялык технологияларды жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана сабак өтүүдө активдүү колдонушат. Окуу-тарбия процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуунун натыйжалары, окуучулардын ортосунда өткөрүлгөн предметтик олимпиадаларда ,ЖРТ нын натыйжасында ,окуучулар арасында өткөрүлгөн сынактардын натыйжаларында билинди . | Сабактардын иштелмелери Сертификаттар ж.б |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин | КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык | №6 тиркеме: Окуучунун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августындагы №1529/1 буйругунун негизинде базистик окуу пландары түзүлгөн. Ошол календардык окуу планынын негизинде ар бир предмет боюнча билим берүү стандартына ылайык сабактык пландар жазылат. Ар бир сабактын структурасы өзүнө сабактын темасынын 3 максатын, жаңы сабактын мазмунун, сабактын тибин, сабактын формасын, кайталоо үчүн суроолор, бышыктоолор жана баа коюу критерийлерин өз ичине камтыйт. Ар бир сабактын жүрүшүндө ар бир мугалим пландын негизинде сабакка бөлүнгөн убакытты туура пайдалануу менен кайтарым байланыш жүргүзүшөт.Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыштын механизми болуп электрондук күндөлүк, окуучунун күндөлүгү жана окуучунун дептерлери эсептелинет. | күндөлүгү, анкеталар, секция жетекчилердин иш пландары, мугалимдердин өз ара сабакка катышуу дептерлери. |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде билим берүү стандартынын 4-бапта каралган баа берүү тутуму толук жүзөгө ашырылат. Билим берүү сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын жана билимдин сапатынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүгүзүлөт. Баа берүү билимдин сапатына жана билимдин сапаты жөнүндө маалыматты чогултуу, сактоо, иштетүү жана контролдук кылуу үчүн ачык-айкын жүргүзүлөт. Ар бир сабактын башында окуучунун сабакка даярдыгы суралып, сабактын аягында бардык билими жыйынтыкталып, баа коюлат. Коюлган баалар КРнын билим берүү стандартына ылайык класстык журналдарда көрсөтүлөт.<br>Ал эми окуучулардын билими жана билим алуусу тууралуу маалыматтар өздүк делолорунда камтылып, педагогикалык кеңештин чечими менен | КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген билим берүү стандартында көрсөтүлгөн 4-бап<br><br>Класстык журналдар, окуучулардын күндөлүктөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | алган билим сапатын эске алуу менен кезектеги класска көчүрүү жүргүзүлөт.<br>Ата-эне жана кызыктар тараптарга маалымат катары жана баа коюунун ачыктыгы, акыйкаттыгы үчүн окуучунун күндөлүгүнө, айрым учурда дептерлерине, ошондой эле электрондук журналга баанын көчүрмөсү коюлат. Бааны аныктоо иретинде күндөлүккө мугалимдин колу коюлат. | |
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде экзамен,зачет, тестирлөө жана текшерүү иштердин бааланышынын натыйжалары менен тааныштыруу системасы оң жолго коюлган. Жыл ичинде мектепте билим берүү программасын мезгили менен баалоо жана мониторинг жүргүзүлөт. Ар бир чейректин жыйынтык баалары жана зачет, экзамендердин, тестирлөө , текшерүү иштердин баалары байма-бай экранга чыгарылып,жарыяланып турат. Мектепте баалоонун натыйжаларын көрсөтүп турган төмөнкүдөй экран уюштурулган: чейректик билим берүүнүн көрсөткүчү, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация тапшыруунун мониторинги, мектеп ичиндеги олимпиадалардын мониторинги | Класстардын чейректик<br>Билим сапаты мониторинги<br>Мектеп ички олимпиадаларынын мониторинги |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектебинде коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо максатында мектепте социалдык педагог тарабынан ар бир жардамга муктаж окуучулар жана мугалимдер менен иш алып барылат. Атайын бөлүнгөн мээрман эже мектепке кызмат көрсөтүп кетет, жана бир жылда бир окуучулар медициналык кароодон өткөрүлөт. Ар сабактарда мугалимдер окуучуларга ден соолукту сактоочу, чыңдоочу көнүгүлөрдү дем алуу | Социалдык педагогтун иш пландары<br>Дем алуу көнүгүүлөрү, эс алдыруу көнүгүүлөрү |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>минуталарында жасашат.</td><td></td></tr>
<tr><td>2.7.</td><td>Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы</td><td>Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде окуу жараянында жана окуу жылынын аягында окуучулар тесттер, жат жазуу жана текшерүү иштери аркылуу бааланат. 9-11-класстарда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жүргүзүлөт. Жалпы Республикалык тестирлөөнүн, олимпиаданын жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар чыгарылып турат.<br>Акыркы 5 жылдагы окуучулардын билим сапаты<br>
<table>
<tr><th>Окуу жылы</th><th>Окуучулардын саны</th><th>Билим сапаты</th><th>Өздөштүрүү</th></tr>
<tr><td>2017-2018-окуу жылы</td><td>2312</td><td>44.%</td><td>100%</td></tr>
<tr><td>2018-2019-окуу жылы</td><td>2313</td><td>46%</td><td>99.2%</td></tr>
<tr><td>2019-2020-окуу жылы</td><td>2334</td><td>48%</td><td>100%</td></tr>
<tr><td>2020-2021-окуу жылы</td><td>2388</td><td>46%</td><td>99.4%</td></tr>
<tr><td>2021-2022-окуу жылы</td><td>2382</td><td>47%</td><td>100%</td></tr>
</table>
<br>Акыркы 3 жылдагы окуучулардын предметтик олимпиадаларынын натыйжасы боюнча маалымат:<br><br>ЖРТнын акыркы 3 жылдагы жыйынтыгы:<br>
<table>
<tr><td></td><td>2018-2019</td><td>2019-2020</td><td>2020-2021</td><td>2021-2022</td></tr>
</table>
</td><td>ЖРТ жана НЦТ жыйынтыктары Окуучулардын тестеринин жыйынтыктары</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | <table><tr><td>Катышкан окуучулар</td><td>15</td><td>10</td><td>11</td><td>14</td></tr><tr><td>Орточо балл</td><td>110</td><td>105</td><td>105</td><td>104</td></tr><tr><td>110 баллдан жогорку алгандар</td><td>8</td><td>5</td><td>6</td><td>6</td></tr><tr><td>Проценти</td><td>60 %</td><td>52 %</td><td>55 %</td><td>54%</td></tr></table> | |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемеси окуучулардын жана ата-энелердин кызыктар тараптардын кайрылууларына, арыздарына даттанууларына карата төмөндөгүдөй иш чаралар жүргүзүлөт. Окуучулардын укугун коргоо үчүн атайын кутучалар уюштурулуп, күн сайын текшерилип турат. Көрүнүктүү жерде ишеним кутучасы жана ишеним телефондору жазылган.Ата-энелер үчүн арыз-даттануулар китепчеси уюштурулган. Окуучулар менен алдын алуу иштери тарбия планынын негизинде ар дайым жүргүзүлүп турат. Укук бузуулардын алдын алуу үчүн профилактикалык штабдын төрайымы-соцпедагог Г.Шокирова. Мугалимдердин укуктарын коргоо үчүн кесиптик бирликтин төрайымы жана мүчөлөрү. Ата-энелердин , кызыктар тараптардын кайрылуулары, арыздары, даттануулары, этикалык талаптары профсоюздук отурумда жана педагогикалык кеңешмеде, директор алдындагы кеңешмеде каралат. Директордун буйругунун негизинде жана педагогикалык кеңешменин токтому менен чечим кабыл алынат. | Арыз-даттануулар китепчеси, ишеним кутучасы. Буйруктар, педагогикалык кеңешменин токтомдору |
| **Күчтүү жактар:** | | **1**. Мугалимдер окутуунун техникалык каражаттарынан колдонушат<br>2. Мугалимдер окуутунун инновациялык усулдары менен иштешет | |

| | |
|---|---|
| | 3. Предметтик олимпиадалардын ,ЖРТ нын жыйынтыгы жакшы<br>4. Окуучулардын баалары электрондук күндөлүк аркылуу ата-энелерге жеткирилет<br>5. Окуучулардын уктары корголот |

3

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Алсыз жактар:** | | 9-класстан кийин орто жалпы билим берүү баскычында окуучулардын окуусун улантусуна ата-энелердин кызыгуусу аз болгондуктан 10-11- класста окуучулардын санынын төмөндүгү, өзгөчө кыздарды ата – энелери мектепке окуусуна тыюу салуусунан улам болуп жаткандыгы ЖРТга аз санда катышуусу. | |
| **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде мугалимдер өз адистиги боюнча эмгектенишет.Бардык мугалимдер-100, анын ичинен аялдар-82 жогорку билимдүүлөр -72, бүтпөгөн жогорку-25, орто кесптик-3.<br>1-4-класстардын мугалимдери-21, анын ичинен аялдар-21, жогорку билимдүүлөр-18 орто кесиптик-3.5-11-класстарда эмгектенген мугалимдер- 79,анын ичинен аялдар-71,жогорку билимдүүлөр -54, бүтпөгөн жогорку-25.<br>Музыка, сүрөт, чийме, дене тарбия, кол эмгек жана аскерге чейинки даярдык көрүү мугалимдери-5, анын ичинен аялдар-2, жогорку билимдүүлөр -4<br>Мектеп директору-1, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары-3, мектептен жана класстан тышкаркы иштер боюнча директордун орун басары-2 | Мугалимдер жөнүндө маалымат, 2021-2022 –окуу жылындагы Ош-1 отчету |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди | КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылы 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык максаттарды жана билим берүү стандарттарынын милдеттерин ишке ашыруудаВладимир Ильич Ленин атындагы №2 атындагы орто мектеби мекемеси физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоо максатында ар окуу жылында төмөндөгү багыттар боюнча иш пландар түзүп | Мектептин техникалык паспорту, тиешелүү иш – пландар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | иш алып барат:<br>-Жол коопсуздугун алдын алуу планы<br>-Укук бузууларды алдын алуу<br>-Мектеп парламентинин өзүн-өзү башкаруусу<br>-Жарандык коргоо<br>-Саламаттыкты сактоо иш планы<br>-Дарылоо профилактикасы<br>-СПИД профилактикасы<br>-Социалдык коргоого алынган балдар менен иштөө<br>Ар бир иш чара педагогикалык кенеште, директор алдындагы кеңешмеде жана кызыктар тараптардын жалпы жыйынында иштелип чыгып, аткарылуусу тууралуу анализдер жазылып турат.<br>Андан сырткары окуучулар арасында укук бузуулардын, кылмыштуулуктун, зордук-зомбулук жана суициддин алдын алуу багытында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана ИДНдын кызматкерлери менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт. | |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү иши жакшы жолго коюлган. КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылы 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык мектепте педагогикалык кадрлардын кесиптик өнүгүүсү үчүн бир катар иш пландар иштелип чыккан.<br>-мугалимдин иш-тажрыйбасын жайылтуу;<br>- алдыңкы мугалимдердин иш-тажрыйбасын райондук, облустук деңгээлде жайылтуу<br>-мугалимдердин билимин өркүндөтүү боюнча 2020-2025-жылдарга карата перспективдүү иш план түзүлгөн<br>Жыл сайын мектеп мугалимдери ОББИдан өз билимдерин өркүндөтүп келишет. Андан сырткары мектеп мугалимдери "Окуу керемет","Көп тилдүүлүк" программаларынын алкагында иш жүргүзүшөт. Педагогикалык кадрлардын ишин баалоо, негизинен, квартал сайын берилүүчү дем берүүчү акы аркылуу жүргүзүлөт . Андан сырткары мугалимдерин ишмердүүлүгүн мектеп жамаатынын, айыл өкмөтүнүн, райондук билим берүү бөлүмүнүн , кесиптик бирликтин, райадминистрация, Ош билим берүү институту, КРнын билим берүү жана илим министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыраазычылык | Мугалимдердин сертификаттары,<br><br>Ардак грамоталар, сыйлыктар, төш белгилер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | баракчалары, диплом, ардак грамоталары, төш белгилер менен бааланат. | |
| **Күчтүү жактар:** | | 1.Кадр маселеси 100%га чечилген<br>2.Бардык мугалимдердин кесиптик адистиги туура келет<br>3.Мугалимдер тынымсыз өз убагында өз билимин өркүндөтүп турушат.<br>4.Мугалимдердин 92,5% жогорку билимдүү<br>5."Билим берүүнүн мыктысы" наамына 15 мугалим ээ. | |
| **Алсыз жактар:** | | 1.Мугалимдердин социалдык абалын коргоо боюнча мэрия менен биргеликте иш алып баруу зарыл. | |
| **4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, актовый залы, медициналык пункт, ашкана) болушу жөнүндө маалымат | Мектептин техникалык паспорту |

| № | Ресурстар | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Класс-комплект | 72 |
| 2 | Лабораториялар | 2 |
| 3 | Компьютердик класс | 1 |
| 4 | Спорт зал | 1 |
| 5 | Салтанат залы | 1 |
| 6 | Медайымдын кабинети | 1 |
| 7 | Ашкана (таза суу менен | 1(150 орундуу) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | \| \| камсыз болгон) \| \|<br>\| 8 \| Пандус \| 1 \| | |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттары менен камсыздалган. Санитардык гигиеналык ченемдердин талабына толук жооп берет.<br>Өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча эвакуациялоо планы иштелип чыккан. Чейрек сайын жаратылыш кырсыктары жана өрт кырсыктарын алдын алуу боюнча пландын негизинде окуу үйрөтүү иштери жүргүзүлүп турат.<br>Мекеменин окуу имараттарында жана класстарда санитардык нормаларды эске алуунун негизинде жарыктын берилиши, термометрлердин колдонулушу жылуулуктун ченемдери жана желдетүүнүн графиктери көрүнүктүү жерлерге илинген.<br>Мектепте коопсуздукту камсыз кылуу максатында антитеррордук паспорт түзүлүп, видео көзөмөл орнотулган. | Эвакуация планы,өрткоопсуздугун алдын алуу планы, директордун буйруктары Антитеррордук паспорту |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Владимир Ильич Ленин атындагы №2 орто мектеби мекемесинде материалдык – техникалык базаны жакшыртуу боюнча жылытуу системасы реконструкцияланды , мектепке интерактивдүү доскаларды, кошумчалоо, информатика каанасын компьютер менен толуктоо, окуу куралдарды алуу жана толуктоо, спорт инвентарларын алуу жана толуктоо, мектептин короосунун тосмолорун жаңылоо, класс кааналарын жыл сайын жаңылап туруу<br>Мекеменин маалыматтык ресурстарын жакшыртуу боюнча педагогдордун информациондук технологияларды өздөштүрүүсүн колдоо, жалпы технологияларды үйрөнүүдө китепкананын ролун жогорулатуу, окуучуларды илимий-изилдөө иштерине катыштыруу, интернетке толук туташуу, мектептин сайтын өнүктүрүү сайт-билим тармагына катышкан мүчөлөрдүн маалымат булагы, электрондук китепкана, зээндүү балдардын банкы, боло турган иш-чаралар жөнүндө маалымат<br>Электрондук күндөлүк , электрондук журналдарды өз убагында жана сапаттуу жүргүзүү китепкананы информациялык, усулдук борбор катары өнүктүрүү ,заманбап техника жана | 2020-2025-окуу жылдарына түзүлгөн стратегиялык план |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | китептер менен толуктоо) жыл, дубал гезиттеринин электрондук варианттарын жолго коюу, класстардын сайттарын, мугалимдердин сайттарын, блогтордун өнүгүүсүн , мугалимдердин уюлдук байланыштарын жолго салуу,окутуу процессин жыйынтыктоодо мониторинг жүргүзүү , мугалимдердин билимин өркүндөтүү институту менен тыгыз иш алып баруу | |
| **Күчтүү жактар:** | | 1.Интернетке уланган<br>2.Салтанат залы, спорт зал бар<br>3.Компьютердик класс бар(12 компьютер)<br>4.Ата-энелер үчүн каана, медайымдын кааналары түзүлгөн<br>5.Китепкана бар<br>6.Мугалимдер үчүн эс алуучу каана бар<br>7.17монитор бар<br>8.Спорт аянттары бар<br>9 .3 интерактивдүү доска бар<br>10.4 принтер бар<br>11 .Пандус бар<br>12. 10 точкага видеокөзөмөл радиоузел орнотулган<br>13. Электрондук күндөлүк менен иш алып барылат<br>14.Антитеррордук паспорт түзүлгөн. | |
| **Алсыз жактар:** | | 3.Материалдык жана маалыматтык ресурстар жетишпейт | |

**3. Корутунду**

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органды программалык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрагасы: Б.М.Абылкасымов

Комиссиянын катчысы : Н.С.Ибрагимова

А.Газиева

Т.Мадаримова

Д.Мирзапаязова

У.Махмудова

М.Магаматова

А.Хоринов

Г.Сулайманова